КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын V-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 27-августу № 44** **Барскоон айылы**

**Барскоон айыл аймагынын Тосор айылынын тургуну Батабек уулу Саматтын бөлүнүп берилген жер участогунун чектик өлчөмүн бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесинин 3-4-пунктарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы №291 “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык жана Тамга айыл окургунун 2010-жылдын 9-ноябрындагы №267 токтомунун негизинде, айыл өкмөтүнүн жер, муниципалдык менчик, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси И.Исашовдун билдирүүсүн угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айылынын Тосор айылынын тургуну Батабек уулу Саматтын жер мунапыс обьектиси саналган Тосор айылынын Тосор-2 көчөсүндөгү турак үй салуу үчүн бөлүнүп берилген жер участогунун чектик өлчөмү 0,11 га болуп бекитилип берилсин.
2. Бекитилген жер участогунун чектик өлчөмүн Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясына жана Жети-Өгүз райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгына сунуштап Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу №291 токтомуна ылайык тиешелүү иштерди алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.
3. Ушул токтом масссалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин жер, агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, а/ө -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска.